УДК 378.14

З.Ж. Соноева

# ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАДА ЖАШ ӨСПҮРҮМДӨРДҮ ҮЙ-БҮЛӨӨЛҮК ТАРБИЯЛООНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

*Макалада элдик педагогиканын тармагы болгон орчундуу маселелеринин бири – орто жана жогорку окуу жайлардын жаш өспүрүмдөрүнө үй-бүлөөлүк тарбиянын маанилүү жолдору сунуш кылынды.*

Жаштардын үй-бүлөөлүк турмушка начар даярдалып жаткандыгын социологдор да, педагогдор да аныктап жатышат [1].

Жаштардын мындай начар даярдыгын төмөндөгүлөрдөн көрүүгө болот:

Биринчиден, алар үй-бүлөөлүк турмуш куруугa моралдык жактан даяр эмес;жөн гана жактырып калган сезимдерин сүйүү сезиминен адырата албайт, өздөрүнө жубай тандоодо жеңил ойлук кылышат. Айрым кыздар жана жаш уландар турмуш курууда: жалгыз калбасам эле болду, бирге жашап көрсөк, бири-бирибизге жаксак жашап кетебиз, жакпасак ажырашып кетебиз деп ойлошот. Үй-бүлөнүн алдындагы жоопкерчиликти сезишпейт.

Экинчиден, жаш жубайлар ата-энелер менен бирге жашай алышбаган учурлар да кездешпей койбойт. Ата-энелеринин кызыкчылыгынан өздөрүнүн кызыкчылыгын жогору коюшат.

Үчүнчүдөн, жаш жубайлар үй-чарбачылыгын жүргүзө алышбайт: жөнөкөй үй жумуштарын аткаруунун ыкмаларына ээ эмес, үй-бүлөөнүн бюджетин туура пландаштыра алышпайт, үй-бүлөөнүн мүчөлөрүнүн ортосунда үй-милдеттерин ыгына жараша бөлүштүрө алышпайт.

В.А. Сухомлинский жаш өспүрүмдөрдү үй-бүлөөлүк турмушка, келечекте күйөө, аял, ата жана эне болууга нравалык жактан даярдоого чоң маани берген жана ал өз практикасында бул маселеге көп көңүл бурган [2]. Үй-бүлөөлүк турмушка даярдоодо дүйнөдөгү эң баалуу нерсе – бул адам, башка бирөөгө бакыт алып келүү, бул жогорку бакыт жана коомго татыктуу иш деген ишенимиде балдарда калыптандырууга багытталса, мына ушуларды бала өзүнүн ар бир кадамында көрө алса, укса, сезсе, аларды өзү жүзөө ашырса гана ийгиликтүү болушу мүмкүн экендигин В.А. Сухомлинский баса белгилеген.

Адамды коомдо айлана-чөйрөнүн бардыгы: үй-бүлө, мектеп, коомчулук ал тургай жаратылыш да тарбиялайт. Ал эми үй-бүлөдө элдик каада- салттардын жана үрп-адаттардын таркалышы аркылуу адамдар ортосундагы ар кандай мамилелер, тактап айтканда, келечек муундун түрдүү чөйрөдөгү жүрүм-турумдардарынын ченемдери жана принциптери жолго салынып, калыптандырылат. Каад-салттар жана үрп-адаттар ар бир улуттун өзүн-өзү сактоо каражаттарынын бири болуп эсептелет.

Бирок тилекке каршы, улутту улут катары өзгөчөлөнтүп, таянтып турган, адамдын жүрүм-турумун, өзү туулган жерине жана элине, Ата журтуна карата мамилесин жөнгө салып, ага кандайдыр бир шаңдуулук берип турган кыргыз элинин каада-салттары жана үрп-адаттары эскинин калдыгы, диний мүнөзгө ээ болгондуктан зыяндуу деген натура талкуулар менен четке кагып келдик.

Ошонун натыйжасында жаш муундарыбыз каада-салт, үрп-адат ырым-жырым, улуттук тил сыяктуу рухий байлыктардан кур жалак калып бара жаткандыктары кечирээк болос да элди кабатыр кыла баштады.

Бүгүнкү күндөгү педагогиканын актуалдуу маселелеринин бири бул инсандын калыптануусунун негизги булагы «Элдик педагогика» – деп таануу. Элдик педагогика ооз эки чыгармачылыкта үрп-адат, каад-салттарда сакталган элдик педаогогиканын идеяларынын жана тарбия тажрыйбаларынын тутуму. Ар бир улуттун өзүнчө рухий дүйнөсү, тарыхы, маданияты, тили, үрп-адаты, каада-салты бар. Элдик педагогикада жаш муунду үй-бүлөөлүк турмушка даярдоонун зарылдыгын баса көрсөтүп, үй-бүлөдө эркек балдарды жана кыздарды үй жумуштарын аткарууга көнүктүрүү, аларга туура тарбия берүүдө

жана адамдагы жакшы сапаттардын калыптанышында зор ролду ойной тургандыгын баса көрсөткөн.

Улуттук каада-салттарды жана үрп-адаттарды колдонуп жаш өспүрүмдө жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин калыптандыруу: түшүндүрүү, байкоо жана өспүрүмдөрдү калыптандырууда ата-энелердин жана педагогдордун максаттуу иштерге көмөк бериши зарыл. Ата-энелер жана педагогдор турмуш темасына арналган аңгемелерди жүргүзө билүүлөрү керек. Үй-бүлө тарбиясына тарбиялоодо, үй-бүлөөлүк турмуштун бардык жактарында туура карым-катнашка, гармониялык биримдикке жетиши өтө кылдаттык, этиеттик мамиле кылууга тарбия берүү зарыл.

Жаштарды таза сүйүүгө, туруктуу үй-бүлөдө мүчөсү кылып тарбяилоого бизден зор жоопкерчиликти талап кылат. Ар бир үй-бүлөөдө сүйүү жана үй-бүлөө куруу, аны күтө билүү маселелерин өспүрүмдөрдүн сезимине жеткилең түшүнүүлөрүнө жетишүүбүз керек. Демек жалпы билим берүүдөгү мектептин, бүткүл элге билим берүү системасынын ыйык милдети – келечектеги жаш өспүрүмдөрдү аң-сезимдүү инсандык керектөө, үй-бүлө тарбяисына тарбиялоо болуп саналат.

Биз азыркы коомдук турмушта адамзаттын философиясында терең өзгөрүштөр болуп жаткан мезгилде жашап жатабыз. Демек, педагог чектелген окуу программасы менен жаш өспүрүмдөрдүн талантын ачып, жеткиликтүү тарбия берүүсү субъективдүү көрүнүш болуп калды. Тарбия үй-бүлөөдө жана коомдук мекемелерде ашыруулучу процесс.

Эл педагогикасы муундан-муунга, эстафета таягындай кол уланып берилип, бай тажрыйбасы менен толукталып турат. Өзгөчө бүгүнкүдөй оор күндө эл педагогикасы адамкерчилик зор максаттарга туура үн деп, ыймандуулукка тарбиялоонун негизги булагы.

Демек элдик педагогика тарбиянын көзү. Элдик педагогика үй-бүлөдө негизги мааниге ээ. Анткени «тарбияны мугалим гана жүргүзөт дегенден алыс болушубуз керек. Адамды тарбия лоодо мугалимден өткөн зор күч бар. Алар табигат, үй-бүлө, коом жана калк анын тили». Үй-бүлө мүчөлөрү бирге жашоого жана бири-бирине жардамдашууга кызыккан социалдык кичине тайпа, социалдык жалпылыктын бир формасы. Үй-бүлө тукумду улантат да, өсүп клеткан муунду тарбиялайт жана ларга кам көрөт. Үй-бүлө мамилелери өтө татаал: интимдик жекече мамиледен баштап, финансылык, чарбалык, укуктук, психалык, этикалык,эстетикалык жана башка толуп жаткан мамиленин өзүнчө системасын кучагына камтыйт. Демек элдик педагогиканын илимий-теопиялык мааниси менен катар практикалык мааниси өтө зор. Ал педагогдорду, ата-энелерди көп кылымдык сыноодон өткөн педагогикалык акыл-ойлор, тарбиялоонун ийкемдүү таасирлүү усулдары, жол жоболору менен куралдандырат,жаш муундарга өзүнүн рухий көрөңгөсүн, нарк-насилин, нукура элдик нар дөөлөттөр менен байытуу, өркүндөтүү үчүн рухий шам чырак катары кызмат кылат.

Элдик педагогиканын негизинде тарбиялоонун үч булагын белгилеп кетсек болот.

1. Эне тарбиясы наристе көзүн ачып дүйнөнү сезип, тирүүчүлүккөколун сунган сааттан баштап, тарбиялоонун элементтерин эненин сүтү менен оозанып азыктана баштайт. «Алдей, алдей ак балам»-деген бешик ырындагы эненин үнү наристени беймаазачылыктан, сабырсыздыктан алыстатып, мээримдүүлүккө, сабырдуулукка үгүттөп турбайбы. Жыл өткөн сайын наристе ата-энесине жакындап, алардын кулк-мүнөзүн, үнүн, сүйлөө манерасын иш-аракеттерин, энесинин аларга берген тарбиясынын элементтерин өзүнө сиңире баштайт. Албетте эне мээрими кыз баланы адамдык эң жакшы сапаттарга тарбиялайт. Кыз бала энеден адилдикти, адептүүлүктү, тазалыкты, ыйбаалуулукту, ишмердүүлүктү, карапайымдыкты, уяңдыкты, үй-тиричиликке болгон мамилесин жана башка толуп жаткан нерселерди кабылдайт.

«Эттин даамын туз чыгарат,

Эненин даңкын кыз чыгарат»-деген макал кыргыз элинде бекер айтылбаса керек. Энени көрүп акырындык менен аял заттын табыйгатына, түйшүктөрүнө, үй-тиричилигине болгон мамилесине, дегеле адамгерчилигине таянып калыптанат. Кызы барктуу болсо, энеси даңктуу эмеспи. Эне тарбиясы тарбиялоонун комплекси.

«Идишине карап ашын ич, энесине карап кызын ал, уулуна карап унасын тааны» – деген макал бекеринен эмес. Ошондуктан ар бир эненин жүзү жарык болуп, уул-кыздарынын урмат, сыйын көрүү бактылуу карылык.

Ата тарбиясы- баланын биринчи мекени ата. Атанын аялы алаканы, ысык мээрими, жүрөгүнүн жылуулугу баланы биринчи бактыка бөлөйт. Ата бала үчүн аскар тоодой чек болуп, көңүлдө медер, ишине багыт берүүчү компас болуп, атагы ар бир кыймылын окшотууга аракет кылат.

Ата бала үчүн сынчы. Ал баласынын ар бир жакшы ишине сүйүнүп, жаман ишине күйүнүп турат. Атанын тарбиясы адамкерчиликке азыктандыруучу, тентекти тузактоочу, элди урматтоочу, ата намысын, эркектик намысты кызмат өтөөчү тарбия – билим.

Демек атадан биринчи ирет ата – тегин билүүнү, эмгектене билүүнү, атты балай билип, зергерчилик, мүнүшкөрлүктү билүү ата – тарбиясына муктаж. Баланын наристе күндөгү калынтанган, атага болгон зор ишеним өмүр бою сакталып калышы эң маанилүү.

«Атага баланын дээри,

Энеге кыздын мээрими» керек эмеспи. Ар бир ата-эне жашоо үчүн күрөшүп, жакшы тилектерди тилешет. Ата – үйдүн алтын босогосу. Атанын зор камкордугун бел кылып, келечек үмүттөнүүсүнө ишенимдүү жол ачып. Чыныгы атуул болуп чыгышы атанын тилеги болуп саналат. Ошондон улам ата баланы дайыма көзөмөлдөөгө алып, анын мүнөзүндөгү өзгөрүүлөрдү байкап, адил чара колдонуп акылга чакырып туруу атанын милдети. Бирок жазалоо, айыптоо жолу менен эмес, акыл менен жүргүзүү абзел. Ата тарбиясы бала үчүн улуу мектеп.

Мамбетаалы акылман айткандай: «Бирөө бар атадан аша туулган, Бирөө болор атага жете туулган, дагы бирөө болор атадан кете туулган… Атадан аша туулган уул, жалгыз эле ата-энесине жарыгы тийбей, ата-журттун намысына туулган. Атага жете туулган уул, ата салтын бийик туткан уул. Атадан кете туулган уул, жаш элдин жорук-жосунун күткөн уул, элинин намысына көлөкө

түшүргөн уул, мындайдын барынан жогу». Ошондуктан баланын дээри, акылы болуп, атасынын тарбиясына көнүп, туура тарбияланса атанын сыймыгы, кубанычы болот. Ата үйдүн кубат берекеси, эненин асыл жары, ан никеси баш ээси.

«Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны» –дегендей ата баланын бедели, таянган тоосу, үлгү алар башаты.

3. Кайын эне тарбиясы. Элде баланы ьашынан, келинди жашынан» деп айтышы ьуура. Оң-солду баамдап биле элек, өмүрдүн ачуу, татуусунан бейкапар жаш үй-бүлөөнүн алгачкы саатарында кандайдыр бир турмуштук кыйынчылыктарга жолугушу мүмкүн. Мындайда жаш келинди жаңы турмуш менен тааныштырып, тиричилик аракеттерине багыт берип, өмүрлүк жолдошуна урмат – сый көрсөтүү иртеин, бала кетүүнүн жолдорун үйрөтүүчү мектеп кайын эне тарбиясы. Ал жаңыдан босого аттап келген келинди шалаакылыктан, ушак айыңдан, байкоосуз сүйлөөдөн, оолактатып эмгекчилдикке сарамжалдуулукка багыттайт.

Ошондой эле кайын эне адеби улуунун алдынан кыя өтпөй, аларга акарат келитрбөөсү, үйдөгү эркек адамды кадырлап – сыйлап, бардык үй-бүлө мүчөсүнө эне катары камкор болуусу, тазалыктын өрнөгү болуп, ак жоолукту башынан түшүрбөй сынаа сүйлөп, салт сактай билүүсү, үйдү таза кармап, эгер конок келсе, баарын айттырбай түшүнүп, эч нерседен өксүтпөй күтө алуусу кыргыз аялдарынын мыкты сапаттары, келин үчүн өзгөчө идеал болуп кызмат өтөөсү боюнча тарбиялайт.

«Улууга урмат, кичүүгө ызат» –этүүнү иш менен көрсөтүп сөз менен айтат.

«Керегем саган айтам, келиним сен ук» –деген айтылышка ылайык кыйыр болсо да тарбия берет. Наристе тарбиялап, аны баалап өстүрүү тажрыйбасын да кайын энеден алат. Келген келинди эеке кайын эне тарбиялабай айыл да тарбиялайт.

Тарбиялоонун негизги ушундай булактарынатаянуу менен жогрку окуу жайды аяктап турмушка багыт алган улан-кыздын аталык жана энлик милдетти толук түшүнүп чыгуусу зарыл. Улуттук мектеп эл мүдөөсүн көздөп, дүйнөлүк маданият менен терең байланышта болуп, бардык тарабынан демократтиялаштырган, гумандуу эркин тарбия берүүчү мектеп.

Мезгил элегинен өтүп, биздин күнгө жеткен, өткөндү, бүгүнкү күндү, эртеңкиге данакерлеп турган элдик педагогиканы енгиз кылын алып, элдин каада салт санаасына, кылымдан бери калыптанып келген руханий байлык, асыл нарктарга таянып, таалим тербия берүүнү көздөйт. Үй-бүлөлүк тарбия педагогиканын өзөктөш бөлүгү гана болбостон элдик педагогиканын тажрыйбасы көрсөткөндөй анын негизи да болушу керек.

Төмөндө сунушталган рекомендациялар жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоодо жардам берет. Алар негизинен төмөнкүдөй мүнөздө болот:

-Элдик педагогика үй-бүлө менен мектеп адептүү, акылдуу чыныгы инсанды тарбиялоо.

-Мектепте жана жогорку окуу жайларда элдик педагогиканы толук өздөштүрүү.

- Айыл урматына ээ болгон энелер, алардын каадасы, элдик салттар жана бүгүнкү күндөгү салттар боюнча баалай билүүгө үйрөтүү.

-Ата тарбиясы, ата аманаты, ата тегин билүү жана ата каадалары зергерчилик, саяпкерчилик, мүнүшкөрлүк боюнча ата мурастарына тарбиялоо.

Педагогдук жамаатары жаш өспүрүмдөрдү үй-бүлөөлүк тарбиясына тарбиялоо боюнча узак мезгилдүү, ачык-айкын максаттуу элдик педагогиканын негизинде программалрды иштеп чыгуулары зарыл.

Элдик педагогикада үй-бүлө тарбиясына тарбиялоодо жаш өспүрүмдөрдү жогорку айтылгандардын негизинде салттык сапаттарды калыптандыруу, окуу жайлардагы тарбиянын натыйжалуулугунун негизги милдети болуп саналат. Ал эми байыркы бабалардан турмуш практикасына жаралган каада-салттар, үрп-адаттар, үй-бүлөлүк тарбиялар эчен муундардын акыл элегинен өтүп, улам жаңы турмуштук, өрнөктүк жашоонун мыйзамына эрежесине айланууда. Үй-бүлөлүк тарбия педагогиканын өзөктөш бөлүгү гана болбостон элдик педагогиканын тажрыйбасы көрсөткөндөй анын негизи да болушу керек. Салт боюнча ата-бабалардан келаткан нерселер, акырында алардын балдарына неберелерине жана чөбөрөлөрүнө өтөт.

Ошондуктан келечектеги үй-бүлө мамилелеринин жогорку формасы болуп калуу менен бекем жана бактылуу үй-бүлөгө айланат.

## АДАБИЯТТАР


1. Афанасьева Т.М. Үй-бүлө. –Ф: Мектеп, 1986.
2. Сухомлинский В.А. Мугалимге жүз насаат. –Ф: Мектеп, 1987.
3. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби. –Бишкек, 1993.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика. –Чебоксары, 1974.
5. Васильцова З.П. Мудрые заповеди народной педагогики. –М., 1984.
6. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. –Бишкек, 1997.